# ТАКТАМА

Кара-Суу шаары 30.04.2024-ж.

Кара-Суу районунун прокурорунун орун басары С.Чыбышев, Кара-Суу РИИБнун ТКнун улук тергөөчүсү М.Канкелдиев тарабынан кылмыш иш козгоодон баш тартылган 02-034-2024-001950 сандуу өндүрүш материалын көзөмөл иретинде окуп чыгып, төмөндөгүлөрдү аныктадым.

2024-жылдын 28-апрель күнү саат 10:30 чамасында Кара-Суу РИИБдин милициянын аймактык ыйгарым өкүлү Э.Сулайманов өзүнүн 0552-56-35-56 телефону аркылуу Кара-Суу РИИБдин нөөмөт бөлүмүнө, Жоош айыл аймагынын Большевик айылындагы 5195 шайлоо учаскасында 1961-жылы туулган Топчубаева Жылдыз аттуу жаран өзүнүн жеке дептерине шайлоочулардын тизмесин жазып алып жүргөн жеринен кармап алгандыгын билдирген.

Аталган билдирүү Кара-Суу РИИБдин КБР МЭЖне 02-034-2024-001950 саны менен 28.04.2024-жылы катталып, тергөөгө чейинки текшерүү башталган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен аталган материал боюнча көрсөтүлгөн окуяда эч кандай кылмыштын курамы аныкталбагандыгына байланыштуу 28.04.2024-жылы аталган бөлүмдүн улук тергөөчүсү М.Канкелдиев тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтому кабыл алынган.

Андыктан, аталган материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүү иштери Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын сактоо менен жүргүзүлгөн, негиздүү жана мыйзамдуу, бузууга негиз жок.

Кара-Суу районунун прокурорунун
орун басары **С.Чыбышев**

Сканировано с CamScanner